# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№49

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы № 4 “Жаза дайындоо боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы №4 “Жаза дайындоо боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Токтомдун преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин” – деген сөздөр “**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесин**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**2.** Токтомдун 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1.Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесине ылайык ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөсү далилденмейинче жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөсүз деп эсептелет. Бул принциптин бузулушу материалдык зыяндын жана моралдык зыяндын ордун сот тартибинде толтуруу үчүн негиз болуп саналат.

Жазаны дайындоо боюнча жазык мыйзамдарын колдонуу менен байланышкан маселелерди чечүүдө, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (мындан ары КР КЖК) үчүн күнөөлүү деп таанылган адамга карата соттун өкүмү боюнча колдонулуучу жазык-укуктук таасир этүүчү мажбурлоо чараларынын бири болуп саналаарын, ошондой эле соттолгондун укуктарын жана эркиндигин аталган Кодексте каралган чектөөдөн жана ага белгилүү бир милдеттерди жүктөөдөн турарын соттор эске алуусу керек.

Адамды жазалоонун максаттары болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды же жоруктарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат.

Жазаны дайындоодо соттор кылмыш-жаза мыйзамдарынын негиз салуучу принциптерин, КР КЖКнин 72-беренесинде көрсөтүлгөн жазаны дайындоонун жалпы башталыштарын кыйшаюусуз сакташы керек, ошондой эле жаза жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен жосун келтирген зыяндын даражасына жана күнөөсүнүн даражасына шайкеш келишин эске алышы керек.

Жазаны дайындоодо соттор:

- кылмыштын оордугун, кылмышты жасоо стадиясын, кылмышты жасоодо айыпталуучунун катышуусунун даражасын, анын аракеттеринин кылмыштын максатына жетүү үчүн маанисин жана келтирилген же мүмкүн болуучу зыяндын мүнөзүнө жана өлчөмүнө болгон таасирин эске алуусу;

- кылмыштардын жыйындысын, жазаны жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайлардын болгондугун аныктоосу зарыл.

Соттор дайындалып жаткан жазанын жетиштүүлүгүн жана шайкештигин айыпталуучунун инсандыгын, жаш курагын эске алуу менен талкуулашы зарыл, жана жазанын жеңилирээк түрү жазанын максаттарына жетүүнү камсыз кыла албаган учурда гана жазанын катуурак түрүн дайындашы керек.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары - КР КЖПК) 346, 353-беренелеринин талаптарына ылайык жазанын түрүн, мөөнөтүн же өлчөмүн дайындоо, анын ичинде жазык мыйзамдын санкциясы башка жеңилирээк жазанын түрлөрү камтылган учурда эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоо жөнүндө соттун чечими өкүмдө жүйөлөштүрүлүшү керек. Бардык учурларда айыпталуучуга дайындалган жазанын мөөнөтүн же өлчөмүн өкүмдө жүйөлөштүрүү керек.".

**3.** Токтомдун 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Соттор балдарга жазаны дайындоо маселесине өзгөчө көңүл буруусу зарыл. КР КЖПКнын 54, КР ЖКнын 17, 18-главаларында белгиленген талаптарды так сактоого, жаңы кылмышты же жосунду жасоого жол бербөө жана түзөтүү максатында баланын инсандыгын жана иштин бардык жагдайларын кылдаттык менен изилдөөгө милдеттүү.

Балдарга КР КЖКнин 99-101-беренелерине ылайык тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн.

Балдарга карата эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоодо соттор КР ЖКнын 108-беренесинин талаптарын эске алуусу зарыл.

Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза он алты жашка чейинки курактагы биринчи жолу анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки соттолгон балага дайындалышы мүмкүн эмес.

Оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн он төрт жаштан он алты жашка чейинки балага жаза дайындоодо КР КЖКнин 108-беренесинин 8-бөлүгүн колдонуу менен КР КЖКнин 108-беренсинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда белгиленген эркиндигинен ажыратуунун минималдуу мөөнөтүнөн төмөн жаза дайындоого жол берери сотторго түшүндүрүлсүн.

Уюшкан топ же кылмыштуу шериктиктин (кылмыштуу топтун) курамында жасаган кылмыштары үчүн, ошондой эле террористтик, экстремисттик кылмыштарды жана баланын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштарды жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылган адамдарга жаза дайындоодо соттун жазанын түрүн жана өлчөмүн тандоо жөнүндө тыянактары тиешелүү жазаны дайындоо үчүн негиз болгон жагдайларды көрсөтүү менен милдеттүү түрдө жүйөлөштүрүлүүгө тийиш экендиги сотторго түшүндүрүлсүн".

**4.** Токтомдун 3-пунктунун 4-абзацындагы "271-беренесине" - деген сөздөр "**280-беренесине**" - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**5.** Токтомдун 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Алкоголду, баңги зат каражаттарын же башка маң заттарын пайдалануу менен мас абалында кылмыш жасаган адам жазык жоопкерчилигине тартылууга жатат.

КР КЖКнын 74-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пунктуна ылайык мас абалындагы адам тарабынан кылмыш жасоо жазаны оордотуучу жагдай катары таанылат. Бирок сот кылмыштын мүнөзүнө жараша бул жагдайды жазаны оордотуучу жагдай катары таанымай коюуга укуктуу.".

**6.** Токтомдун 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖКси жазаларды систематизациялоо менен жазанын негизги жана кошумча түрлөрүн белгилегенин  эске алуу керек. Мында КР КЖКнин 60-беренесинин 2-бөлүгү соттор кошумча жазаларды дайындоо укугуна ээ экендигин белгилейт.”.

**7.** Токтомдун 7-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Жазанын кошумча түрү катары сот тарабынан төмөнкүлөр колдонулушу мүмкүн:

1) кызматтык абалын же кызматтык абалда берилген мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен кылмыш жасалган учурда - атайын, аскердик, ардак наамынан, дипломатиялык рангынан же класстык чининен ажыратуу;

2) оор же өзгөчө оор кылмыш жасалган учурда - мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратуу.

Жазанын бул кошумча түрлөрүн дайындоо тууралуу маселени чечүү КР КЖПКнын 346-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык өкүм чыгарууда милдеттүү шарт болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу, соттор жазанын кошумча түрлөрүн дайындоо тууралуу маселени дайыма өкүмдө жүйөлөштүрүшү керек.

Кызматтык жасалмачылыктын же башка кылмыштын натыйжасында ыйгарылган атайын, аскердик, ардак наамдар, дипломатиялык ранг, класстык чен жана мамлекеттик сыйлыктар да сот тарабынан ажыратылат.

Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу негизги гана эмес кошумча жаза катары да колдонулушу мүмкүн.

КР Кылмыш-жаза кодексинин 78-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазалардын кошумча түрлөрүн кошуу КР КЖКнин 68-беренесинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.”.

**8.** Токтомдун 8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттук отурумда кылмыштын аягына чыгарылбай калганына байланышкан жагдайлар текшерилүүгө, кылмыштуу ниетти ишке ашыруу даражасы жана аны аягына чыгарбаган себептер, ошондой эле күнөөлүү жасаган жосундун мүнөзү аныкталууга тийиш.

Кылмышка даярдык көргөндүгү үчүн жазаны дайындоодо соттор КР КЖКнын 75-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык жазанын мөөнөтү же өлчөмү аякталган кылмыш үчүн КР ЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн жарымынан ашык болбоого тийиш экенин эске алуу керек.

Мында, бул жазанын минималдуу мөөнөтү же өлчөмү КР ЖКда каралган жазанын ушул түрүнүн минималдуу өлчөмүнөн аз болбоого тийиш. КР КЖКнын 75-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына ылайык кылмышка аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү, КР КЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) аякталган кылмыш үчүн каралган жазанын катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн төрттөн үчүнөн ашык болбоого тийиш. Мында, бул жазанын минималдуу мөөнөтү же өлчөмү КР КЖКда каралган жазанын ушул түрүнүн минимумунан аз болбоого тийиш.

КР КЖКнын 75-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн жоболору КР КЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн чектерин белгилейт.

Жазанын мөөнөтүн же өлчөмүн азайтуу үчүн, күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөндө (КР КЖКнын 79-беренесинин 1-бөлүгү), аякталбаган кылмышка жазаны дайындоодо (КР КЖКнин 75-беренеси) айыпталуучунун абалын жакшыртуучу ченем колдонулат. Аталган жагдайлар өз алдынча болуп эсептелет жана аларды жыйындысында колдонуу мыйзам менен белгиленген эмес.

Жазанын мөөнөтүн же өлчөмүн азайтуу үчүн жогоруда белгиленген негиздер жазанын негизги түрлөрүнө да, белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу сыяктуу кошумча түрлөрүнө да таандык экенине судьяларын көңүлүн буруу зарыл.”.

**9.** Токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор кылмышка кошо катышуучуларга жаза дайындоодо кошо катышуунун мүнөзүн жана кылмыш жасоодогу ар бир кошо катышуучунун ролун, ар бир кошо катышуучуга тиешелүү болгон жазаны оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайларды эске алуусу тийиш.

КР КЖКнын 76-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына ылайык уюшкан топтун, же болбосо кылмыштуу уюмдун уюштуруучусуна жана жетекчисине анын калган мүчөлөрүнө караганда катуураак жаза дайындалат.

Ушуга байланыштуу, соттор КР КЖКнын 41-44-беренелеринин талаптарына ылайык кылмышка кошо катышуунун түрүн жана формасын, кылмыштын кошо катышуучуларын туура аныктоосу зарыл.”.

**10.** Токтомдун 10-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖКнын 77-беренеси кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоонун тартибин жана шарттарын белгилейт.

Аталган берененин 1-бөлүгүнө ылайык КР КЖКнин ар кандай беренелери (беренелеринин бөлүктөрү), ошондой эле бир беренеси (беренесинин бөлүгү) катары каралган эки же андан көп кылмыш бир эле адам тарабынан жасалганда, алардын бири боюнча да адам соттолбосо жана жазык куугунтуктоосунун эскирүү мөөнөтү аяктабаса, кылмыштуу жосундардын жыйындысы деп таанылат.

Демек, ар бир учурда ар бир кылмыштын аяктоо учурун, ошондой эле бул кылмыш жөнөкөй, созулуп кеткен (КР КЖКнын 20-беренеси), улантылуучу (КР КЖКнин 34-беренеси) кылмыш экенин аныктоо керек.

КР КЖКнин 21-беренеси кылмыштардын жыйындысында соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн негизинде соттолгон же акталган же жазык жоопкерчилигинен бошотулган же жазадан бошотулган кылмыштар эсепке алынбастыгын белгилейт.”.

**11.** Токтомдун 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“11. Кылмыштардын жыйындысы болгон учурда сот айыптоо өкүмүн чыгарууда КР КЖКсине ылайык ар бир кылмыш үчүн негизги жана кошумча жазаны өзүнчө дайындайт, андан кийин дайындалган жазаларды толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен акыркы жазаны аныктайт.

КР КЖКнин 77-беренесинин 3-бөлүгүндө бөлүгүндө каралган учурларда акыркы жаза өмүр бою эркиндигинен ажыратуу менен анча катуу эмес жазаларды сиңирүү жолу менен аныкталат.”.

**12.** Токтомдун 12-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“12. Соттор кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоодо КР КЖКнин 77-беренесинин жоболорун жетекчиликке алуу керектигин эске алышы керек.

Кылмыштардын жыйындысында сот ар бир кылмыш үчүн өзүнчө негизги жана кошумча жазаны дайындайт, андан кийин КР КЖКнин 77-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык дайындалган жазаларды толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен акыркы жазаны аныктайт.

Жазаларды кошуу дайындалган жазалардын түрлөрүн жана КР КЖКнин жалпы бөлүгүндө белгиленген чектерди эске алуу менен колдонулат.

Соттор, КР КЖКнин 77-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, эгерде жасалган кылмыштардын жок дегенде бири үчүн өмүр бою эркиндигинен ажыратуу дайындалса, кылмыштардын жыйындысы үчүн акыркы жаза өтө оор эмес жазалардын бардыгын өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасына сиңирүү жолу менен аныктала тургандыгын эске алуусу зарыл.

КР КЖКнин 77-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, бир нече кылмыш жасаган учурда негизги жазадан тышкары кошумча жаза да белгилениши мүмкүн. Толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен дайындалган кошумча жазанын акыркы мөөнөтү же өлчөмү кошумча жазанын тиешелүү түрү үчүн КР КЖКнин жалпы бөлүгүндө каралган эң жогорку мөөнөттөн же өлчөмдөн ашпоого тийиш.

Эгерде өкүм чыгарылгандан кийин соттолгон адам биринчи иш боюнча өкүм чыгарылганга чейин жасаган башка кылмышы үчүн күнөөлүү экендиги аныкталса, жаза ушундай эле тартипте дайындалат. Бул учурда кылмыштардын жыйындысы үчүн акыркы жазага биринчи жаза боюнча толук же жарым-жартылай өтөгөн жаза кирет (КР КЖКнин 77-беренесинин 5-бөлүгү).

Соттор ар кандай түрдөгү кошумча жазаларды сиңириштирүүгө жол берилбестигин эске алуулары керек. Акыркы кошумча жаза КР КЖКнин 77-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын жана 80-беренесинин жоболорун эске алуу менен толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен аныкталат.

КР КЖКнин 77- беренсинде белгиленген кылмыштардын жыйындысы үчүн жаза белгилөөнүн эрежелери кылмыштардын жыйындысына бүтө элек кылмыш кирген учурларда да колдонулат.

Кылмыштардын жыйындысы боюнча акыркы жазаны дайындоодо КР КЖКнин жалпы бөлүгүндө белгиленген негизги жана кошумча жазалардын мөөнөттөрүнүн жана өлчөмдөрүнүн эң төмөнкү жана эң жогорку чегин сактоого милдеттүү.”.

**13.** Токтомдун 13-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кылмыштардын жыйындысында сот ар бир кылмыш үчүн өзүнчө жаза дайындайт, андан кийин жазанын ар бир түрү үчүн белгиленген эң жогорку мөөнөттүн чегинде дайындалган жазаларды толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен акыркы жазаны аныктайт (КР КЖКнин 77-беренесинин 2-бөлүгү).

Кылмыштардын жыйындысы үчүн акыркы жаза КР КЖКнин 77-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде ар бир кылмыш үчүн негизги жана кошумча жазаларды толук же жарым-жартылай кошуу жолу менен аныкталат.”.

**14.** Токтомдун 14-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор өкүмдөрдүн жыйындысы менен соттолгон адам өкүмүн жарыялагандан кийин, бирок жазасын толук өтөгөнгө чейин жаңы кылмыш жасаган учурларда жаза берилерин эстен чыгарбашы керек.

КР КЖКнин 78-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо сот акыркы өкүм боюнча дайындалган жазага мурдагы өкүм боюнча дайындалган жазанын өтөлө элек бөлүгүн жарым-жартылай же толугу менен кошот.

Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазаны дайындоодо соттор өкүмдүн жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө акыркы өкүм боюнча дайындалган жазага толук же жарым-жартылай кошулууга тийиш болгон мурдагы өкүм боюнча жазанын өтөлө элек бөлүгүнүн түрүн жана өлчөмүн кылдат белгилөөгө жана так көрсөтүүгө, ошондой эле бул жаза негизги же кошумча жаза катары дайындалгандыгын көрсөтүүгө тийиш.

Соттор КР КЖКнин 78-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча дайындалган акыркы жаза жаңыдан жасалган кылмыш үчүн дайындалган жазадан да, мурдагы жаза боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгүнөн да жогору болууга тийиш экендигин эске алууга тийиш.

Соттор КР КЖКнин 78-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча дайындалган акыркы жаза жаңыдан жасалган кылмыш үчүн дайындалган жазадан да, мурдагы жаза боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгүнөн да жогору болууга тийиш экендигин эске алууга тийиш.

Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаларды жана ар кандай анча катуу эмес жазаларды кошкондо, КР КЖКнин 78-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча акыркы жаза өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө анча катуу эмес жазаларды сиңирүү жолу менен аныкталат, ал эми өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө эки же андан көп жаза дайындалган учурда, КР КЖКнин 5-беренесинин 78-бөлүмүнө ылайык мындай жаза бир жолу өтөлөт.

Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазалардын кошумча түрлөрүн кошуу соттор тарабынан КР КЖК 68-беренсинде каралган тартипте, КР КЖКнын 78-ст. 6-бөл. ылайык жүзөгө ашырылат.

Эгерде мурунку өкүм боюнча адам эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жана аткарылууга тийиш болгон жазага соттолсо, ал эми акыркы өкүм боюнча пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазаны өтөөдөн бошотулса, соттор өкүмдө мындай жазалар өз алдынча аткарылууга тийиш экенин көрсөтүшү керек.

Акыркы жазаны өтөө мөөнөтү акыркы өкүм чыгарылган күндөн тартып бөгөт коюу чарасы тартибинде акыркы иш боюнча сотко чейинки камакта кармоо убактысын эсепке алуу менен, ошондой эле мурдагы өкүм боюнча толук же жарым-жартылай өтөгөн жазаны эсепке алуу менен эсептелээрин эске алуу керек.

Соттолгон адам шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу же мурдагы өкүм боюнча жазаны аткарууну кийинкиге калтыруу мезгилинде жаңы кылмыш жасаган учурда, соттор жаңы кылмыш үчүн дайындалган жазага КР Кылмыш-жаза кодексинин 78-беренесине ылайык мурдагы өкүм боюнча жазанын өтөлө элек бөлүгүн толугу менен же жарым-жартылай кошууга тийиш.”.

**15.** Токтомдун 15-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор кылмыштардын жыйындысы жана өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазаларды толук же жарым-жартылай кошууда эркиндигинен ажыратуунун бир күнүнө төмөнкүлөр туура келерин эске алышы керек: 1) түзөтүү жумуштарынын үч күнү, 2) коомдук жумуштардын сегиз сааты, эркиндикти чектөөнүн эки күнү, 3)дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоонун бир күнү (КР КЖК 80-бер. 1-бөл.).

Түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазаны дайындоодо мөөнөттөр гана кошулаарын, эмгек акыдан чегерүүлөрдүн өлчөмү ар бир өкүм боюнча өзүнчө эсептелерин эстен чыгарбоо керек (КР КЖК 80-бер. 2-бөл.).Айып пул салуу жана кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндөгү негизги жазалар бардык кошумча жазалар сыяктуу эле өз алдынча аткарылат (КР КЖКнин 80-беренесинин 3,4-бөлүгү).

Өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун мөөнөтү бир күн эркиндигинен ажыратуунун эки күнү катары эсептелет (КР КЖКнин 8--беренесинин 5-бөлүгү).

Өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин үй камагында болуу мөөнөтү:

1) беш күнү - эркиндигинен ажыратуунун жана тартиптик аскер бөлүгүндө кармоонун бир күнүнө;

2) бир күнү - түзөтүү жумуштарынын жана эркиндигин чектөөнүн бир күнүнө;

3) бир күнү - коомдук иштердин эки саатына эсептелинет. (КР КЖКнын 80-бер.6-бөл.).

Соттор айып пул, белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу, ошондой эле коомдук же түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазаны дайындоодо сот адамды соттук териштирүүгө чейин камакта кармоо мөөнөтүн эске алат жана жазаны жеңилдетүүгө же болбосо аны өтөөдөн бошотууга укуктуу экенин эске алышы керек (КР КЖКнтин 80-бер.7-бөл.).

Чет өлкөлүк соттун өкүмүн аткарууда камакта болгон убакыт КР КЖКнин 80-беренесинин 5-бөлүгүн колдонбостон чет өлкөлүк соттун чечими боюнча эсептелет (КР КЖКнин 80-беренесинин 5-1-бөлүгү).

Жазанын мөөнөтү күн, ай жана жылдар менен, ал эми коомдук жумуштардын мөөнөтү саат менен эсептелет (КР КЖКнин 81-беренеси).”.

**16.** Токтомдун 16-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Процесстик макулдашууну түзүүдө жазаны дайындоо маселелери өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

КР КЖКнин 79-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык күнөөсүн мойнуна алуу алуу жана келтирилген материалдык зыяндын ордун толук толтуруу жөнүндө айыпкер менен макулдашуу түзүлгөн учурда, сот адам күнөөлүү деп табылган беренеде каралган жазанын эң аз өлчөмүнүн чегинде эркинен ажыратуу менен байланышпаган жазаны белгилейт.

Эгерде КР КЖКнин Өзгөчө бөлүгүнүн беренесинин (бөлүгүнүн) санкциясы эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазанын эки негизги түрүн караса, анда сот иштин конкреттүү жагдайларын эске алып, алардын бирөөсүн дайындай алат. Бул учурда сот сөзсүз эле алардын жеңилирээгин дайындоого милдеттүү эмес, бирок тиешелүү жазанын минималдуу мөөнөтүн же өлчөмүн дайындоо жөнүндө эрежелерди кармануусу зарыл.

Эгерде берененин санкциясында эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазалар камтылбаса, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза адам күнөөлүү деп табылган статьяда каралган жазанын эң аз өлчөмүнүн жарымынан кем эмес мөөнөткө дайындалат.

Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза болбогон учурда, сот күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө процесстик макулдашууда көрсөтүлгөн жазадан жеңилирээк жазаны (түрү, мөөнөтү, өлчөмү) дайындоого укуктуу, бирок катуураак жаза дайындаганга укуксуз.

Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн адамга жазаны дайындоо жөнүндө маселени чечүүдө соттор, КР КЖПКнын 500-501-беренелеринде аныкталган жоболордон тышкары, өкүмдө дайындалган жазанын түрү, мөөнөтү же өлчөмү боюнча негиздерди жүйөлөштүрүүгө тийиш.

Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда пробациялык көзөмөл колдонулбаарын дагы эске алуу керек. (КР КЖКнин 79-бер. 2-бөл.).".

**17.** Токтомдун 17-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Соттор коомдук жумуштарга соттолгон адамдын негизги жумушунан же окуусунан бош убактысында коомдун пайдасына акы төлөнбөгөн жумуштарды аткаруусу кирээрин эске алуусу керек; иштин конкреттүү түрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пробация органдары менен бирдикте аныкталат (КР КЖКнин 61-беренесинин 1-бөлүгү).

Бул учурда соттолгон адамдын ден-соолугунун абалын, кесибин, квалификациясын жана билим деңгээлин эске алуу зарыл; Коомдук иштер аскер кызматчыларына дайындалбайт, I-II топтогу майыптарга, кош бойлуу аялдарга, бала багуу боюнча өргүүдө болгон адамдарга, пенсионерлерге же коомдук иштердин мөөнөтү аяктаганга чейин пенсия курагына жетүүгө тийиш болгон адамдарга дайындалбайт (КР КЖКнын 61-бер. 2-4 бөл.).

Сотторго соттолгон адам пробация органына өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин 10 күндүн ичинде келбей калса же иштерден качса, сот пробация органынын сунушу боюнча жазаны КР КЖКнын 62, 64, 65 жана 67-беренелеринде каралган мөөнөттөрдүн чегинде эркиндигин чектөө, түзөтүү жумуштары, айып пул же эркиндигинен ажыратуу менен алмаштыра аларын, мында мөөнөт бир жылдан ашпоого тийиш экенин түшүндүрүү керек.

Иш жүзүндө иштеген убакыт эркиндикти чектөөнүн, түзөтүү жумуштарынын же эркиндигинен ажыратуунун бир күнү 8 сааттык жумуш эсебинде эсепке алынат, ал эми өкүм чыгарылгандан кийин I-II топтордун майыптарына жана кош бойлуу аялдарга карата КР КЖКнин 91-беренесинин жоболору колдонулат (КР КЖКнын 61-бер. 5,6-бөл.).".

**18.** Токтомдун 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу кылмыш жасаган адамга мамлекеттик кызматтын же муниципалдык кызматтын кызмат ордун ээлөөгө же болбосо белгилүү бир кесиптик же башка иш менен алектенүүгө тыюу салынгандыгын түшүндүрөөрүн эске алышы керек (КР КЖКнын 63-беренесинин 1-бөлүгү).

Белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоодо сот өкүмдө ал жазанын негизги же кошумча түрү катары дайындалгандыгын көрсөтүүгө милдеттүү.

Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу жазанын негизги түрү катары:

- негизги жаза катарында  бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө,

- КР КЖКнин 63-бер. 2-1 б-л. көрсөтүлгөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүнбелгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу милдеттүү түрдө дайындалат жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматта кызмат орундарын ээлөөгө өмүр бою тыюу салынат,

- жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана анын соттолгон адамдын ээлеген кызматына же кесиптик ишине байланыштуулугуна жараша алты айдан үч жылга чейин жазанын кошумча түрү катары дайындалат.

Соттор белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратууда жасалган кылмыштын мүнөзүн жана анын соттолгон адамдын ээлеген кызматына же кесиптик ишине түздөн-түз байланышын эске алуу зарыл экендигин түшүндүрүүгө тийиш.”.

**19.** Токтомдун 19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кошумча жаза катары белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу атайын субъект тарабынан кызматтык абалын пайдалануу менен баланын же майыптын өмүрүнө жана ден соолугуна, болбосо жыныстык кол тийбестигине каршы атайылап кылмыш жасаган учурда милдеттүү түрдө дайындалаарына соттор көңүл бурушу керек. Бул учурда жазанын эң жогорку мөөнөтү төрт эсеге көбөйтүлөт, бирок жалпы жаза мөөнөтү он эки жылдан ашпайт.

Өкүмдүн корутунду бөлүгүндө сот соттолгон адам кайсы кызматты же иштин кандай түрүн ээлөөгө же ишке ашырууга укугу жок экенин конкреттүү түрдө көрсөтүүгө милдеттүү. Соттолгондун жазаны чыгаруу учурунда тиешелүү кызмат ордун ээлөөнүн же иштин бул түрүн жүзөгө ашыруунун токтотулушу көрсөтүлгөн кошумча жазаны колдонууга тоскоолдук кылбайт.

Белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу:

- соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып негизги жаза катары;

- эркиндигинен ажыратуу сыяктуу негизги жаза өтөгөн учурдан тартып кошумча жаза катары аткарылат.

Негизги жаза катары коомдук жумуштарды же айып пулду дайындоодо, ошондой эле пробациянын шарттарын колдонуу менен жазадан бошотууда кошумча жаза катары дайындалган белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуунун мөөнөтү соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып эсептелет.

Соттор соттолгон адам өкүмдү аткарбаган учурда жана тыюу салуу белгиленген кызматтарды ээлөөнү же ишти жүзөгө ашырууну уланткан учурда, ал КР КЖКнын 370-беренесине (соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка соттук актыны аткарбоо) ылайык жоопкерчилик тартаарын эске алышы керек.

Сотторго КР КЖКнин 370-беренесинде каралган жоопкерчилик (соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка соттук актыны аткарбоо) өкүмдү аткаруу боюнча милдеттер жүктөлгөн ишканалардын, уюмдардын же мекемелердин кызмат адамдарына жүктөлгөндүгүн эске алуу керек.”.

**20.** Токтомдун 20-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор түзөтүү жумуштарына, дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоого же белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазанын кошумча түрү катары белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоодо ал жазанын негизги түрүн өтөөнүн бүткүл мөөнөтүнө, ошондой эле мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен белгиленген мөөнөткө тарай тургандыгын эске алышы керек.

Түзөтүү жумуштары коркунучтуулугу аз жана анча оор эмес кылмыштар үчүн эки айдан үч жылга чейинки мөөнөткө дайындалаарын соттор эске алуусу керек.

Алар соттолгондун иштеген жери боюнча, ал эми негизги иштеген жери боюнча айкалыштырып иштегенде, туруктуу иштеген жери болгондо өтөшөт.

Сотторго КР КЖКнин 64-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сот өкүмдө дайындалган түзөтүү жумуштарынын мөөнөтүн гана эмес, ошондой эле соттолгон адамдын иштеп тапкан кирешесинен (акчалай жөлөкпулдан) мамлекетке чегерүүлөрдүн өлчөмүн да - 10 пайыздан 25 пайызга чейин көрсөтө тургандыгы түшүндүрүлсүн.

Түзөтүү жумуштарын аткаруудан кыянаттык менен качкан учурда, түзөтүү жумуштарын кыйла катаал жаза менен алмаштыруу маселеси пробация органынын сунушу боюнча чечиле тургандыгын жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде белгиленген мөөнөттө айып салуу менен алмаштырылышы мүмкүн экендигин сотторго түшүндүрүү зарыл.

Эгерде соттолгон адам өкүм чыгарылгандан кийин жумушунан айрылса жана бир айдын ичинде өз ыктыяры менен ишке орношо албаса, сот 40 сааттан 300 саатка чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарын коомдук жумуштарга алмаштыра тургандыгын эске алуу керек.

Соттор КР КЖКнин 61-беренесинин 6-бөлүгүнө жана 64-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык түзөтүү же коомдук иштерге соттолгон, эгерде өкүм чыгарылгандан кийин I же II топтогу майып деп табылган адамга карата, ошондой эле кош бойлуу аялга карата, КР КЖКнин 91-беренесинин жоболору колдонулаарын эске алышы керек.”.

**21.** Токтомдун 21-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“ Соттор айып пул жазанын негизги түрү катары дайындалышы мүмкүн экендигин жана жасалган кылмыштын мүнөзүн жана оордугун, ошондой эле соттолгон адамдын материалдык абалын (КР КЖКнин 65-беренесинин 1-2-бөлүктөрү) эске алуу менен аныктала тургандыгын эске алуусу керек.

Сотторго айып эсептик көрсөткүч менен эсептелип, төмөнкү чектерде белгиленет:

- КР КЖКнин 225, 238, 239-беренелерин жана 240-беренесинин 2-4-бөлүктөрүндө каралган кылмыштарды кошпогондо, 200 дөн 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин (20 000 ден 200 000 сомго чейин).

- көрсөтүлгөн беренелерде каралган кылмыштар үчүн эсептик көрсөткүчтөрдүн 3000 ден 25000ге чейин (КР КЖКнин 65-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү).

Ошондой эле соттолгон адам тарабынан айып пул мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып үч айдын ичинде ыктыярдуу тартипте төлөбөсө, мажбурлап аткаруу органы адам күнөөлүү деп табылган КР КЖКнин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган мөөнөттүн чегинде айыпты эркиндигинен ажыратуу менен алмаштыруу жөнүндө өкүм чыгарган сотко сунуш киргизерин эске алуу зарыл. Эгерде берененин санкциясында эркиндигинен ажыратуу каралбаса, адам КР КЖК 370-беренесинин (соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка соттук актыны аткарбоо) негизинде кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

Кылмыштардын жыйындысы жана жазалардын жыйынедысы айкалышкан учурда жазанын негизги түрү катары айыпты дайындоодо КР КЖКнин 77-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык айыптын суммасын жарым-жартылай же толук кошууну колдонуу зарыл.”.

**22.** Токтомдун 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“ Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза алты айдан он беш жылга чейинки мөөнөткө белгиленет.

Соттор өкүмдө жазанын бул түрүн дайындоонун негиздерин, ошондой эле аны өтөөнүн так мөөнөтүн негиздеши керек.

Кылмыштардын жыйындысы жана жазалардын жыйындысы үчүн жазаларды дайындоодо эркиндигинен ажыратуу мөөнөттөрү жарым-жартылай же толук кошулган учурда эркиндигинен ажыратуунун эң жогорку мөөнөтү жыйырма жылдан ашпоого тийиш.”.

**23.** Токтомдун 23-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор конфискацияланган мүлктү мамлекеттин кирешесине айландыруу же жок кылуу тартиби КР КЖПКнын ченемдери жана КР Министрлер Кабинетинин 1-март 2025-жылдагы №102 “Конфискацияланган, ээси жок, кароосуз калган мүлктөрдү, кылмыш иштери, укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюм далилдерди эсепке алуунун, сактоонун, жок кылуунун, сатуунун жана аларды мамлекеттин менчигине айландыруунун айрым маселелери жөнүндө” токтому менен жөнгө салынарын эске алышы керек.

Айыптоо өкүмүнүн негизинде конфискациланууга тийиш болгон мүлктүн тизмеси КР КЖКнин 69-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-4-пункттарында камтылган.

Конфискация жазанын кошумча түрү катары гана колдонулат.

Сот отурумун дайындоо жөнүндө маселени чечүүдө сот КР КЖПКнин 256-беренесинин 4-бөлүгүндө жана 261-беренесинин 7-пунктунда каралган зыяндын ордун толтуруу жана мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоо боюнча чаралар көрүлгөндүгүн жана алар жок болгон учурда иш прокурорго кайтарылып берилишин милдеттүү түрдө текшерүүгө тийиш.

Сот өкүм чыгарууда мүлктүн кылмыштын натыйжасында алынгандыгын, андан түшкөн кирешени же кылмыш куралы катары колдонулгандыгын аныктайт жана аны конфискациялоо жана камакка алынган мүлктүн тагдырын чечет.

Өкүмдүн баяндоочу жана жүйөлөтүрүү бөлүгү конфискацияланууучу мүлктүн мүнөзү боюнча соттун корутундусун ырастаган далилдерди камтууга тийиш.

Соттор ошондой эле материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык зыяндын ордун толтуруу адам КР КЖКде каралган негиздер боюнча жазык жоопкерчилигинен же жазадан бошотулганына карабастан сот тарабынан колдонулаарын эске алуусу керек.”.

**24.** Токтомдун 24-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Соттор өмүр бою эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза колдонулушу мүмкүн болгон кылмыштардын тизмесин аныктоочу жазык мыйзамдарынын талаптарын так сактоого тийиш: КР КЖКнин 122-берененин 2-бөлүгү, 154- берененин 3 жана 4-бөлүктөрү, 155-с берененин 3 жана 4-бөлүктөрү, 156- берененин 3-бөлүгү, 156- берененин 3-бөлүгү, 252-берененин, 403, 405, 410-беренесинин 3-бөлүгү.

Көрсөтүлгөн беренелер менен жөнгө салынган учурларда, эгерде сот белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны колдонуу мүмкүн эмес деген тыянакка келсе, өмүр бою эркинен ажыратуу дайындалат.

Ошону менен бирге, өмүр бою эркиндигинен ажыратуу аялдарга, он сегиз жашка чейинки кылмыш жасаган адамдарга, ошондой эле кылмыш жасаган учурда алтымыш жашка чыккан эркектерге дайындалбай тургандыгын эске алуу зарыл, буга КР КЖКнин 68-беренесинин 2-1-бөлүгүндө (баланын же болбосо майыптын жыныстык кол тийбестигине же жыныстык эркиндигине каршы кылмыштарды жасоо) каралган учурлар кирбейт.

Ошондой эле, өмүр бою эркинен ажыратуу кылмышка даярдангандыгы же аракет кылгандыгы үчүн дайындалышы мүмкүн эместигин эске алуу зарыл (КР КЖКнин 75-беренесинин 4-бөлүгү).

Өкүмдү чыгарууда соттор белгилүү бир мөөнөткө эркинен ажыратуу жазасын белгилөөнүн мүмкүн эместигин жана өмүр бою эркинен ажыратуунун негиздерин сыпаттама-жүйөлөмө бөлүгүндө негиздеши керек.

Ырайым кылуу жолу менен өмүр бою эркинен ажыратуу жыйырма жылга эркинен ажыратуу менен алмаштырылышы мүмкүн.".

**25.** Токтомдун 25-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Өкүмдү чыгарууда сот айыпталуучуну депортациялоо боюнча чечим чыгарышы керек.

Соттор депортациялоо жөнүндө чечимди айыптоо өкүмүнүн корутунду бөлүгүнө киргизүүгө милдеттүү.

Чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам жазаны өтөгөндөн кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган тартипте Кыргыз Республикасынын чегинен чыгарылат.".

**26.** Токтом 26-пункт менен толукталсын:

"Апелляциялык инстанциядагы сот өкүмдүн мыйзамдуулугун, негиздүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн ал даттанылган бөлүгүндө жана даттануу же сунуш тиешелүү тийиштүү болгон айыпталуучуга карата гана текшерет (КР КЖПКнын 409-беренеси).

Соттор апелляциялык инстанциянын өкүмүндө жана аныктамасында биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн мыйзамдуу жана негиздүү деп таануу үчүн негиздер, же талашып жаткан чечимди толук же жарым-жартылай жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн негиздер камтылууга тийиш экендигин эске алуусу керек.

Эгерде ишти кароодо мыйзамсыз өкүмдүн чыгарууга алып келген башка айыпталуучулардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуулар белгиленсе, сот ошондой эле анын даттанбаган бөлүгүн жана даттануу, талап берилбеген адамдарга карата жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуктуу. Мында алардын абалынын начарлашына жол берилиши мүмкүн эмес.

Апелляциялык инстанция соттун өкүмүндө баяндалган тыянактары апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан белгиленген иштин иш жүзүндөгү жагдайларына туура

келбегенде, КЖКнин ченемдери туура эмес колдонулганда, Кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамы Олуттуу бузулганда, дайындалган жаза жасалган кылмыштын оордугуна ылайык келбегенде жана аудио жана видео жазуу жок болгондо, КР КЖПКда каралган учурлардан тышкары (КР КЖПКнын 418 - беренеси) биринчи инстанциянын өкүмүн жокко чыгарат же өзгөртөт жана жаңы өкүмдү чыгарат.

Апелляциялык инстанция эгерде өкүмдө баяндалган соттун корутундулары менен иш боюнча апелляциялык инстанция тарабынан белгиленген фактылык жагдайлардын ортосунда дал келбеген учурда, Кылмыш-жаза кодексинин ченемдери туура эмес колдонулганда, кылмыш кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзам олуттуу түрдө бузулганда, КР КЖПКда каралган учурларды кошпогондо, дайындалган жаза менен жасалган кылмыштын оордугунун ортосунда дал келбеген учурда жана аудио-видео жазуу жок болгондо биринчи инстанциянын өкүмүн жокко чыгарат же өзгөртөт жана жаңы өкүм чыгарат (КР КЖПКнин 418-беренесинде).

Ошондой эле, апелляциялык инстанция биринчи инстанциянын өкүмү менен дайындалган жазаны жасалган кылмыштын оордугуна жана айыпталуучунун инсандыгына ылайыксыз деп тапса, КЖКнин беренесинин санкциясынын чегинде жазаны жеңилдетүүгө укуктуу.

Айыпталуучунун абалын начарлатуучу чечимди кабыл алууга айыптоочу тараптын даттанууларында же прокурордун сунушунда тиешелүү жүйөлөр болгондо гана жана алардын чектеринде гана жол берилет.

Айыпкердин абалын начарлатуучу чечим биринчи инстанциядагы сотто айыптоочу тарап тарабынан колдоого алынган айыпкерге коюлган айыптоонун чегинен чыга албайт.

Апелляциялык инстанция айыпкердин аракеттерин оордоткон тартипте кайра классификациялоого же андан да катуу жазаны коюлган айыптын чегинде гана дайындоого укуктуу, эгерде бул негиздер боюнча прокурордун сунушу, жабырлануучу, жеке айыптоочу же алардын өкүлдөрү тарабынан даттануу келтирилсе.”.

**27.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

**Маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы № 4 “Жаза дайындоо боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат, анткени анын жоболору төмөндө көрсөтүлгөн ченемдерге шилтеме жасайт:

- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №20 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №129 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси колдонулууда;
- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Жазык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №127 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси колдонулууда.